КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Жергиликтүү кеңешинин

ТОКТОМУ

“22” 09 2026-ж № 189 Кызыл-Суу айылы

Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Кайнар калктуу конушуна айыл статусун берүү жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө" Мыйзамына жана "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына ылайык, калктуу конуштун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу жана калктын жашоо шарттарын жакшыртуу максатында, жергиликтүү коомчулуктун пикирин эске алуу менен, жергиликтүү кеңеш **токтом кылат:**

1.Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Кайнар калктуу конушуна айыл статусу берилсин.

2.Бул демилгени бекитүү жана тиешелүү административдик-аймактык өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушу Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине белгиленген тартипте кароо үчүн киргизилсин.

3.Айыл статусун берүүгө байланыштуу бардык керектүү документтердин (негиздеме-маалымкат, карта, социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр) пакетин даярдоо жана жогорку органдарга жөнөтүү айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНДУК
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

722400, Кызыл-Суу айылы,
Манас көчөсү, 95
тел. (0-3946) 51-2-67,
факс (0-3946) 51-4-31
E-mail: j-o.rga92@mail.ru
эӨэ 4404021101004596
Жети-Өгүз РАБК
Бик 440001
ИНН 00104199210339

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКАЯ РАЙОННАЯ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

722400, село Кызыл-Суу,
улица Манаса, 95
тел. (0-3946) 51-2-67,
факс (0-3946) 51-4-31
E-mail: j-o.rga92@mail.ru
рӨс 4404021101004596
Джети-Огузский РОЦК
Бик 440001
ИНН 00104199210339

_____ № _____

_____ № _____

Кызыл-Суу айыл аймагынын
айыл өкмөтүнүн башчысына

Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясы Сиздерге, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө» . Мыйзамына жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, административдик-аймактык түзүлүштү өркүндөтүү жана калктуу конуштардын укуктук статусун мыйзам талаптарына ылайык келтирүү максатында Кайнар конушуна айылдык калктуу конуш (айыл) статусун берүү боюнча төмөнкү иштерди жүргүзүү тапшырылат.

1. негиздеме (справка-обоснование);
2. калктын жана кожолуктардын саны жөнүндө маалымкат;
3. конуштун чек арасынын схемасы;
4. социалдык-инженердик инфраструктура жөнүндө маалымат;
5. айылдык кеңештин чечими (кабыл алынган учурда);
6. башка тиешелүү материалдар.

Тапшырманын аткарылышы боюнча маалымат жана даярдалган документтер 14-август 2026-жылга чейин Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясына сунушталсын.

Башчы-акимдин
биринчи орун басары **К.Аджиев**

И.Мамбетов 0702565410

№ 02-27/2237, 27.07.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Аджиев К.З., 27.07.2026

КЫРГЫЗРЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

722400, Кызыл-Суу айылы, Манас көч. 194
э/э4404021251005497 БИК 440001
ФОАО РСК Кызыл-Суу айылы
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07 факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛ ОКМОТУ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

722400, село Кызыл-Суу, ул. Манаса 194
р/сч 4404021251005497 БИК 440001
ФОАО РСК с. Кызыл-Суу.
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07 факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

"13"- 08. 2026 № 03-51/267

МААЛЫМДАМА

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө караштуу Кайнар айылында:

Түтүндүн саны 16;

Калктын саны 75;

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы **Т.К.Баякунов**

Катчы **Кадаева**

Экономист –статист **Ж.Жумагулова**

КЫРГЫЗРЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

722400, Кызыл-Суу айылы, Манас көч. 194
э/э4404021251005497 БИК 440001
ФОАО РСК Кызыл-Суу айылы
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07 факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛ ОКМОТУ
АЙЫЛНО́ГО АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

722400, село Кызыл-Суу, ул. Манаса 194
р/сч 4404021251005497 БИК 440001
ФОАО РСК с. Кызыл-Суу.
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07 факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

"13"- 08 2026 № 03- 51266

Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясы

НЕГИЗДЕМЕ – СПРАВКА

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн карамагындагы Кайнар айылына өзүнчө айыл статусун ыйгаруу жөнүндө

1. Жалпы маалымат

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" жана "Административдик-аймактык түзүлүш жөнүндө" мыйзамдарына ылайык, Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна караштуу Кызыл-Суу айыл аймагынын карамагындагы **Кайнар** конушу жылдан-жылга калкы көбөйүп, социалдык-турмуштук инфраструктурасы калыптанып келе жаткан калктуу пункттардын бири болуп саналат.
Учурда Кайнар конушунда:

Түтүн саны: 16 кожолук (түтүн);

Калктын жалпы саны: 75, райондун борборунан 20 км алыстыкты жайгашкан. **2.**

Статус алуунун зарылдыгы жана социалдык-экономикалык себептери

Кайнар конушуна расмий түрдө "Айыл" статусун берүү төмөнкүдөй олуттуу маселелерди чечүүгө жана өнүгүүгө шарт түзөт:

Юридикалык жана административдик статусту тактоо:

Калктуу конуштун расмий статусунун жоктугу тургундардын каттоосун (прописка), жер тилкелерине болгон укук белгилөөчү документтерин (кызыл китеп, техпаспорт) алууда жана даректерди каттоодо олуттуу тоскоолдуктарды жаратууда.

"Айыл" статусун алуу менен ар бир турак жайга расмий дарек (көчө аталыштары, үй номерлери) берилип, мамлекеттик реестрге киргизилет.

Инфраструктураны өнүктүрүү жана бюджеттик пландаштыруу:

Статус ыйгарылган соң Кайнар айылы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жана райондун өнүктүрүү пландарына, социалдык-экономикалык программаларына өзүнчө бирдик катары киргизилет.

Таза суу менен камсыздоо, электр тармактарын ирээтке келтирүү, ички жолдорду оңдоо жана жарыктандыруу долбоорлоруна түз максаттуу каражаттарды тартууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Социалдык жана мамлекеттик кызматтардын жеткиликтүүлүгү:

Тургундардын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды (медициналык кызмат көрсөтүү, социалдык жөлөкпулдарды тариздөө, почта ж.б.) тоскоолдуксуз алуусуна шарт түзүлөт.

Тез жардам, өрт өчүрүү жана укук коргоо органдарынын дарек боюнча оперативдүү келип-кетүүсү жеңилдейт.

Айыл чарбасы жана ишкердик:

Жергиликтүү тургундар негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен алектенишет. Айыл статусун алуу сугат суу бөлүштүрүүнү, жайыттарды туура пайдалануну жана айыл чарба кооперативдерин/кредиттерин алууну тартипке келтирет.

3. Жыйынтык

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө" Мыйзамынын талаптарына жана жергиликтүү калктын талап-муктаждыктарына таянуу менен, Кайнар конушуна **"Айыл"** статусун берүү - калктын жашоо шартын жакшыртууга, аймактын социалдык-экономикалык жактан чыңдалышына жана укуктук базанын бекемделишине түз таасирин тийгизет.

Жогорудагыларды эске алып, Кайнар конушуна расмий түрдө "Айыл" статусун берүү маселесин бекитип берүүнүздөрдү өтүнөбүз.

Тиркемелер: (керектүү документтердин тизмеси)

1. негиздеме (справка-обоснование);
2. калктын жана кожолуктардын саны жөнүндө маалым кат;
3. конуштун чек арасынын схемасы;
4. социалдык-инженердик инфраструктура жөнүндө маалымат;
5. айылдык кеңештин чечими (кабыл алынган учурда);
6. башка тиешелүү материалдар.

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы **Т.К.Баякунов**

Ж.Жумагулова 0707195701

КЫРГЫЗРЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

722400, Кызыл-Суу айылы, Манас көч. 194
э/э4404021251005497 БИК 440001
ФОАО РСК Кызыл-Суу айылы
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07 факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛ ОКМОТУ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

722400, село Кызыл-Суу, ул. Манаса 194
р/сч 4404021251005497 БИК 440001
ФОАО РСК с. Кызыл-Суу.
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07 факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

"13"-02 2026 № 03-1/208

КАЙНАР КОНУШУНУН СОЦИАЛДЫК-ИНЖЕНЕРДИК ИНФРАСТРУКТУРАСЫНЫН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА МУКТАЖДЫКТАРЫ

1. Инженердик-техникалык инфраструктура

*** Электр менен камсыздоо:**

- Конуш электр тармагына туташтырылган, бирок электр мамычаларынын жана трансформаторлордун абалын ирээтке келтирүү, кубаттуулукту жогорулатуу талап кылынат;

-Түнкү көчө жарыктандыруусун орнотуу зарылчылыгы бар;

*** Таза суу жана сугат суу системасы:**

- Таза суу: Тургундар таза суу менен камсыз болгон. Бирок скважина союздан калган эски, жанылоо талап кылынат;

- Сугат суу: Арык тармактарын ирээтке келтирүү жана ички сугат арыктарын бетондоо талап кылынат.

*** Жолдор жана транспорттук байланыш:**

- Конуштун ички жолдорун тегиздөө (грейдерлөө) жана шагыл төгүү иштерин жүргүзүү зарыл.

- Кызыл-Суу айылы (райборбор) менен байланыштырган негизги жолго чыгууну жакшыртуу жана транспорт каттамын ирээтке келтирүү керек;

*** Байланыш жана интернет:**

- Мобилдик байланыш операторлорунун сигналы бар, бирок интернет ылдамдыгын жогорулатуу жана санариптик кызматтарды киргизүү пландалууда.

2. Социалдык инфраструктура

*** Билим берүү жана мектепке чейинки мекемелер:**

- Түтүн жана калк санынын аздыгына байланыштуу (16 түтүн, 75 калк), конушта өзүнчө мектеп жана бала бакча жок.

- Мектеп жашындагы балдар жана мектепке чейинки балдар Кызыл-Суу айылындагы билим берүү мекемелерине каттап окушат. Айыл өкмөтү тарабынан окуучулар автобус менен ташылат.

- Маданият: Маданият үйү, китепкана жок. Негизги маданий иш-чаралар Кызыл-Суу айыл өкмөтүн борборунда өткөрүлөт.

*** Саламаттыкты сактоо:**

- Алгачкы медициналык жардам Кызыл-Суу айылдык дарыгерлик амбулаториясы (ФАП/ҮБҮК) тарабынан көрсөтүлөт.

- Айыл статусун алуу менен көчмө медициналык кароолорду үзгүлтүксүз уюштуруу же келечекте ФАП (фельдшердик-акушердик пункт) куруу маселесин көтөрүүгө шарт түзүлөт;

*** Турмуш-тиричилик жана таштанды чыгаруу:**

- Катуу тиричилик таштандыларын ирээтке келтирүү жана атайын полигонго ташуу механизмин Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн тазалык кызматына коштулган.

3. Жыйынтыктоочу негиздеме

Учурда Кайнар конушунда минималдуу жашоо шарты болгону менен, инженердик жана социалдык инфраструктураны системдүү өнүктүрүү үчүн расмий "Айыл" статусу аба менен суудай зарыл. Статус берилгенден кийин:

- Мамлекеттик жана инвестициялык фонддордун (мисалы, АРИС, өнүктүрүү фонддору) долбоорлоруна билдирме берүүгө;

- Мекеме аралык бюджеттен түз каржылоо алууга;

- Жергиликтүү тургундардын жашоо сапатын жогорулатууга толук мүмкүнчүлүк ачылат.

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы **Т.К.Баякунов**

Ж.Жумагулова 0707195701

Кызыл-суу айыл аймагына караштуу
Кайнар айылынын жалпы жыйналышынын
жалпы чогулушунун протоколу

02.08.2026-жыл. Кайнар айылы.

Чогулушка катышты 15 адам.

1. Ачакеев Дамир чогулуштун төрагасы, айыл башчы.
2. Жекшен к. Жолдошчу - чогулуштун катчысы, кварталдык.
3. Мадамбеков Максат - жергиликтүү кеңештин депутаты.

Чогулуштун күн тартиби:

1. Кайнар айылына айыл статусун берүү жөнүндө.

Угуңуз:

Ачакеев Д сөз сүйлөп төмөнкүлөрдү токтолду: Кайнар калкту айыл көчүшү статус жок болгондуктан, статус алып керектигин айтып, документ толтуруяка, айылдан өчүрүшүн керектигине токтолду.

Чыгып сүйлөгөндөр:

1. Шаршеева Жыпаркул
2. Баасалов Бакыт
3. Шадаков Мырбек

Бари бир ооздон макул жеңдигин айтышты.

Чогулуштун жыйынтыгы:

Кайнар айыл статусуна бары макул болушту.

1. Шаршеева С.
2. Шералиева А.
3. Шопаев Ж.
4. Узаков Л
5. Джакыбаев Э.
6. Акунов Ф.
7. Ибраев А.
8. Байсалов Б
9. Байсалов С.
10. Калмаэбеков Т.
11. Баркатбасова А.
12. Исабекова Ж.
13 Асанкулов Ж.
14. Касымалиев К.
15. Бердимаматов И.
16. Шаршеева Э.
17 Шадаков Ы
18 Чотурова Р
19 Абдиллаева Р
20 Шайгарайева С
21 Рыскекова А
22 Асанов Ч
23 Жеенгалиев